КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ
И КОММЕРЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

23-января 24 № 05

Бишкек ш.

**2024-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында, Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы № 281 буйругу менен бекитилген Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмонун 14-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 250 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жобонун 17-пунктунун 18-пунктчасын жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1. 2024-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

2. Жетишилген натыйжаны баалоо критерийлери ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык бекитилсин.

3. Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилери:

– Пландын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыз кылышсын;

– квартал сайын, отчеттук кварталдан кийинки айдын 5-күнүнө чейин, ошондой эле суроо-талап боюнча коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат беришсин;

– жыл сайын 2025-жылдын 5-январына жана 2026-жылдын 5-январына чейин Планды ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга:

1) 2-тиркемеде көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык жетишилген натыйжаны баалоону;

2) Планга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды беришсин.

4. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу:

– Министрликтин жетекчилигинин суроо-талабы боюнча Пландын аткарылышы жөнүндө жыйынды маалымат берсин;

– отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча жетишилген натыйжага баа берүү менен Пландын аткарылышы жөнүндө министрге аналитикалык маалымат берсин;

– Планга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды киргизсин;

3024
ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– эгерде Министрликтин жетекчилиги Планга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү чечсе, Планга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тийиштүү иштерди жүргүзсүн.

5. Пландын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилерине жеке жоопкерчилик белгиленсин.

6. Министрдин биринчи орун басары, министрдин орун басарлары тескөөгө алган түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан бул буйруктун аткарылышын контролдоону колго алышсын.

7. Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмү бул буйрукту министрдин биринчи орун басарына, орун басарларына, Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, аймактар аралык башкармалыгынын жетекчилерине жана коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуулуга жеткирсин.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Об утверждении**
**Плана действий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по управлению коррупционными рисками на 2024-2026 годы**

В целях снижения риска возникновения коррупции, в соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», пунктом 14 Методического руководства по выявлению, оценке и управлению коррупционными рисками, утвержденного распоряжением Премьер-министра Кыргызской Республики от 18 мая 2016 года № 281, руководствуясь подпунктом 18 пункта 17 Положения о Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 250 **приказываю:**

1. Утвердить План действий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по управлению коррупционными рисками на 2024-2026 годы (далее - План) согласно приложению 1 к настоящему приказу.

2. Утвердить критерии оценки достигнутого результата согласно приложению 2 к настоящему приказу.

3. Руководителям структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений и межрегионального управления Министерства:

– обеспечить своевременное и качественное исполнение Плана;

– ежеквартально, до 5 числа месяца, следующего за отчетным кварталом, а также по запросу, представлять информацию о ходе исполнения Плана уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции;

– ежегодно, по итогам реализации Плана, до 5 января 2025 и 5 января 2026 года уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции представлять:

1) оценку достигнутого результата в соответствии с критериями, указанными в приложении 2;

2) предложения о внесении изменений в План.

4. Уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции:

– по запросу руководства Министерства представлять сводную информацию о ходе исполнения Плана;

– по итогам отчетного года представлять министру аналитическую информацию по исполнению Плана с оценкой достигнутого результата;

– вносить предложения о внесении изменений в План;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– в случае принятия решения руководством Министерства о внесении изменений в План проводить соответствующую работу по внесению изменений в План.

5. Установить персональную ответственность на руководителей структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений и межрегионального управления Министерства за качественное и своевременное выполнение Плана.

6. Первому заместителю министра, заместителям министра взять на контроль исполнение данного приказа курируемыми структурными подразделениями.

7. Отделу контроля и делопроизводства довести настоящий приказ до сведения первого заместителя министра, заместителей министра, руководителей структурных подразделений центрального аппарата, подведомственных подразделений, межрегионального управления Министерства и уполномоченного по вопросам предупреждения коррупции.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **Д.Дж. Амангельдиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 10, 24.01.2024

Кол койгон: Садыкова С.А., 24.01.2024

*Макулдашылды:*

| | |
|---|---|
| Министрдин биринчи орун басары | Ч.С. Сейитов |
| Министрдин орун басары | А.Д. Усенбекова |
| Министрдин орун басары | И.Э. Асылкулов |
| Министрдин орун басары | С.Б. Болотов |
| Укуктук колдоо жана экспертиза башкармалыгынын начальниги | А.С. Айдаров |
| Соода саясаты башкармалыгынын начальниги | Р.Х. Киселева |
| Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын начальниги | М.К. Катаганов |
| Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана бааларды түзүү башкармалыгынын начальниги | А.Т. Кожомбердиева |
| Техникалык жөнгө салуу жана метрология башкармалыгынын начальниги | Б.К. Шабданов |
| Жеңил өнөр жай башкармалыгынын начальниги | Ш.Б. Кенжебаева |
| Өнөр жай башкармалыгынын начальниги | А.Т. Базиев |
| Персонал менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысы | М.А. Хусаинова |
| Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмүнүн башчысы | С.А. Садыкова |
| Мамлекеттик тил жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы | Ж.М. Дегенбаева |
| Аткаруучу: Коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу | Н.К. Сыдыгалиева |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция
министрлигинин 2024-жылдын
"22" 01 буйругуна
1-тиркеме

**2024-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы максат: Ак ниеттүүлүк принциптерин ишке ашыруу аркылуу мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | **Максаты:** Коррупциянын алдын алуу боюнча бирдиктүү мамилени калыптандыруу<br><br>**Милдети:** Коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгуу | 1. Акыйкат башкаруу жана ак ниеттүүлүк декларациясын иштеп чыгуу.<br>2. Жетекчилерди жана кызматкерлерди тааныштыруу. | 1. ЭКМдын буйругу менен иштелип чыкты жана бекитилди.<br>2. Борбордук аппараттын жана ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилери жана кызматкерлери таанышты.<br>3. Милдеттүү түрдө жетекчиликке алынууга тийиш.<br>4. Министрликте коррупциянын алдын алуу боюнча бирдиктүү мамиле түзүлдү. | 2024-жылдын январь-апрель айлары<br><br>2024-2026 жылдар | | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу.<br>Персонал менен иштөө боюнча бөлүм.<br>Бардык түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөр. |
| 2 | **Максаты:** тобокелдиктерди аныктоо жана процесстерди жакшыртуу<br><br>**Милдети:** | 1. Министрликтин түзүмдүк бөлүмүндө/дөрүндө пилоттук режимде ички талдоо жүргүзүү.<br>2. Убактылуу комиссия түзүү.<br>3. Ички аудит боюнча | 1. Пилоттук бөлүмдө/рдө анализдин жыйынтыгы<br>2. Ички аудит жүргүзүү үчүн туруктуу комиссия түзүлдү.<br>3. Комиссиянын курамы жана жобосу буйрук менен бекитилди.<br>4. Ички аудит жыл сайын жана | 2024-жылдын январь – декабрь айлары<br>2025-2026 жылдары | | Министрдин орун басарлары.<br>Комиссия.<br>Комиссиянын курамында коррупциянын алдын алуу |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ички аудитти киргизүү | комиссиясынын курамын жана жобосун иштеп чыгуу жана бекитүү.<br>4. Жыл сайын ички аудит жүргүзүү. | министрдин тапшырмасы боюнча жүргүзүлөт.<br>5. Бизнес процесстери оптималдаштырылган. | | | маселелери боюнча ыйгарым укуктуу. Бардык түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөр. |
| 3 | **Максаты:** саясатты иштеп чыгууда коррупциялык факторлорду жоюу/ минималдаштыруу<br>**Милдети:** ЧУА долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертизаны киргизүү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 8-декабрындагы №319 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускамасына ылайык:<br>- жарандардын конституциялык укуктарын,<br>- эркиндиктерин жана милдеттерин камсыз кылуу;<br>- коомдук бирикмелердин, массалык маалымат каражаттарынын укуктук статусу; | 1. Министрлик тарабынан демилгеленген антикоррупциялык алгачкы экспертиза өткөрүлгөн ЧУА долбоорлорунун саны.<br><br>2. ЧУАда коррупциялык факторлор жоюлган/минималдаштырылган. | 2024-2026 жылдар | | Министрдин орун басарлары.<br><br>Бардык түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөр.<br><br>Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу. |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | - мамлекеттик бюджет, салык системасы;<br>- экологиялык коопсуздук;<br>- укук бузууларга каршы күрөшүү;<br>- ишкердик иш-аракетти мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүү маселелери боюнча министрлик тарабынан демилгеленген ЧУАнын долбоорлоруна антикоррупциялык алгачкы экспертиза өткөрүү (Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө Мыйзамынын 20-беренеси). | | | | |
| 4 | **Максаты:** ишмердүүлүктүн ачыктыгын камсыз кылуу<br><br>**Милдети:** Жарандык коом тарабынан ЭКМ ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү | 1. Жарандык коомду ведомстволор аралык жумушчу топтордун, эксперттик жумушчу топтордун жыйындарына, коллегияларга, иш процесстерине тартуу.<br>2. Жарандык коом тарабынан министрликтин ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү | 1. Жарандык коомду тартуу менен өткөрүлгөн иш-чаралардын саны.<br>2. Жарандык коом тарабынан министрликтин ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн мониторингдин саны.<br>3. Маалымдалган жарандык коом.<br>4. Жарандык коомдун сунуштарынын, демилгелеринин, ММКда министрликтин ишмердүүлүгүн чагылдыруулардын саны. | 2024-2026 жылдар | | Бардык түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөр. |
| **Максаты: экономиканы жөнгө салуу чөйрөсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу** | | | | | | |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | ЭКСМ аркылуу электрондук уруксат берүү документтерин берүү боюнча бизнес процессти автоматташтыруу | Спецификалык товарлардын экспортуна/импортуна/транзитине лицензияларды /корутундуларды/уруксаттарды электрондук форматта берүүнү камсыз кылуу | 1. Тышкы соода операцияларына документтерди даярдоодо административдик жол-жоболорду оптималдаштыруу боюнча ченемдик укуктук акт кабыл алынды.<br>2. Спецификалык товарлардын экспортуна/импортуна/транзитине лицензиялар/корутундулар/уруксаттар электрондук форматта берилет. | 2024-2026 жылдар | | Соода саясаты башкармалыгынын түшүндүрүү жана товарларды лицензиялоо сектору.<br>КР ЭКМ караштуу “Тышкы соода чөйрөсүндөгү бирдиктүү терезе борбору”. |
| 6 | Экспорттук контролдоо жаатындагы чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашырууда коррупциялык тобокелдиктерди четтетүү | 1. Экспорттук контроль чөйрөсүндө уруксаттарды кароо жана берүү жол-жоболорун автоматташтырууну киргизүү.<br>2. Экспорттук контроль чөйрөсүндөгү ЧУАларга анын ишкердик ишмердүүлүккө тийгизген таасирине талдоо жүргүзүү | 1. Талдоолордун натыйжалары боюнча ЧУАларда ишкерлерге ашыкча талаптары жана/же мамлекеттик органдардын мыйзамдарды чечмелөө жана колдонуу боюнча ашыкча мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.<br>2. Зарыл болгон учурда экспорттук контролдоо жаатындагы мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди.<br>3. Экспорттук контролдоо жаатындагы уруксаттар электрондук форматта каралат жана берилет. | 2024-2026 жылдар | | Соода саясаты башкармалыгынын тарифтик, тарифтик эмес жөнгө салуу жана экспорттук контролдоо бөлүмү |
| 7 | Аскердик багыттагы буюмдарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгууга, өндүрүүгө | 1. Эксперттик корутундуларды алуу үчүн суроо-талаптар келип түшкөндө эксперттик жумушчу топтун | 1. Кайрылууларды кароодогу объективдүүлүк.<br>2. Келип түшкөн арыздардын каралышына системалуу контроль жүргүзүү. | Алынганда й | | Өнөр жай башкармалыгынын ВТС сектору<br>Өнөр жай башкармалыгы |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана сатууга Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинен лицензия алууга эксперттик корутунду берүү учурунда коррупциялык тобокелдиктерди четтетүү | отурумдарын өткөрүү;<br>2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экспертизанын корутундусун берүү. | 3. Келип түшкөн жана каралган арыздардын саны жана алар боюнча көрүлгөн чаралар.<br>4. Келип түшкөн кайрылууларды өз убагында аткаруу | | | |
| 8 | Өнөр жай тармагында (тамак-аш өнөр жайын кошпогондо) товарларды кайра иштетүүнүн шарттары жөнүндө корутунду берүүдө коррупциялык тобокелдиктерди четтетүү | 1. Бул функциянын зарылдыгын аныктоо үчүн талдоо жүргүзүү.<br>2. Талдоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы № 93 токтомуна ылайык укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштетип алма чийки затты (товарларды) кайра иштетүүнүн шарттары жөнүндө корутунду берүү функциясын алып салуу же арыз берүүчү тарабынан берилген документтердин тизмесин кыскартуу | 1. Талдоонун жыйынтыгы<br>2. ЧУАлардын долбоорлору демилгеленди<br>3. ЧУАлар кабыл алынды | 2024-2025 жылдар | | Жеңил өнөр жай башкармалыгынын жеңил өнөр жайын өнүктүрүү сектору |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Садыкова С.А., 24.01.2024

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алуу. | | | | |
| 9 | Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген ишкердик ишти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун жөнгө салуучу таасирин талдоого (ЖСТТ) экспертизасын жүргүзүүдө коррупциялык тобокелдиктерди четтетүү | Министрликтин веб-сайтында ЖСТТлорду жана аларга корутундуларды жайгаштыруу аркылуу процесстин ачыктыгын камсыз кылуу | 1. ЧУАларга ЖСТТлар министрликтин сайтында жайгаштырылды<br>2. ЖСТТларга корутундулар министрликтин сайтында жайгаштырылды | Дайыма | | Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгынын ишкердикти өнүктүрүү жана ЖСТТ бөлүмү<br><br>Маалыматтык жана техникалык камсыздоо бөлүмү |
| 10 | Кыргыз Республикасынын товардык рыногунда атаандаштыктын абалына мониторинг жүргүзүү | 1. Кыргыз Республикасынын товардык рыногундагы атаандаштыктын абалына талдоо<br>2. Монополияга каршы мыйзамдарды бузуу фактылары боюнча | 1. Атаандаштыкты чектөө белгилери аныкталды<br><br>2. Чарба жүргүзүүчү субъект менен МКЖСКтын ортосунда тил табышуу тобокелдиги минималдаштырылды | Дайыма | | КР ЭКМге караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | териштирүү жүргүзүү | | | | |
| 11 | Табигый монополиянын субъекттеринин жана товарларын, жумуштарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарынын балансын сактоо максатында Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына | 1. Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Мыйзамынын алкагында ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү.<br><br>2. Зарыл учурда талдоолордун жыйынтыгы боюнча ченемдик укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү | 1. Талдоонун жыйынтыктары<br>2. ЧУА долбоорлору демилгеленди<br>3. ЧУАлар кабыл алынды. | 2025-2026 жылдар | | 1. КР ЭКМге караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы<br>2. Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана бааларды түзүү башкармалыгы |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 10, 24.01.2024

Кол койгон: Садыкова С.А., 24.01.2024

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобону өркүндөтүү. | | | | | |
| 12 | Кызматтарга (иштерге) тарифтерди (бааларды) жана уруксат берүүчү документтердин баасын макулдашууда коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу. | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө (иштерге) тарифтердин (баалардын) баасын макулдашуунун электрондук версиясына өтүү. | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мекемелеринин электрондук форматта келип түшкөн эсептөө материалдарынын ичинен акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө (иштерге) макулдашылган тарифтердин (баалардын) саны. | 2024–2026 жылдар | | КР ЭКМге караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы |
| 13 | Банктык эмес финансылык рынокто иш жүргүзүүгө лицензияларды жана/уруксаттарды берүүдө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | Банктык эмес финансылык рынокто иш жүргүзүүгө лицензияларды/уруксаттарды электрондук форматта берүүнү камсыз кылуу | 1. КР ЭКМ «Е-лицензия» лицензияларды жана уруксаттарды берүүнүн электрондук тутумуна туташтырылган.<br>2. Банктык эмес финансалык рынокто иш жүргүзүүгө лицензиялар/уруксаттар электрондук форматта берилет. | 2024-2026 жылдар | | КР ЭКМ караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы |
| 14 | Баалуу кагаздардын | 1. Материалдык-техникалык | 1. Каржылоо булактары аныкталды. | 2024-2026 | | КР ЭКМ |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | чыгарылышын кароодо жана каттоодо коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | базаны жакшыртуу үчүн каржылоо булактарын аныктоо.<br>2. Субъекттер менен электрондук (санарип) өз ара аракеттенүүгө өтүү | 2. Электрондук система түзүлдү<br>3. Субъекттер менен түз байланыш жокко чыгарылды. | жылдар | | караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы |
| 15 | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын көрсөтмөлөрүн контактсыз макулдашууну камсыз кылуу | proverka.gov.kg порталын модернизациялоо жана жаңылоо | Пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөр 100% QR код аркылуу proverka.gov.kg порталында макулдашылат. | 2024-2025 жылдар | | Аймактык аралык башкармалыгы |
| **Максаты: колдоо функцияларындагы коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу** | | | | | | |
| 16 | Банкроттук процессинде администраторлор тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын | 1. Банкроттук маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына отчеттуулуктун электрондук форматын киргизүү боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү. | 1.Ченемдик укуктук акт кабыл алынды<br>2. Атайын администраторлордун ишмердүүлүгү бекитилген критерийлерге ылайык бааланат.<br>3. Веб-сайтта атайын администраторлордун отчеттору жарыяланат. | 2024-2026 жылдар | | КР ЭКМ караштуу Банкрот иштери боюнча департаменти |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 10, 24.01.2024

Кол койгон: Садыкова С.А., 24.01.2024

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | аткарылышына мамлекеттик контролду жүзөгө ашырууда БИД кызматкерлери менен атайын администраторлордун ортосундагы байланышты алып салуу | 2. KPI системасын колдонуу менен атайын администраторлордун ишмердүүлүгүн баалоо.<br>3. Атайын администраторлордун отчетторун БИД расмий сайтында милдеттүү түрдө жарыялоону камсыз кылуу | 4. БИД кызматкерлеринин атайын администраторлор менен байланышы жокко чыгарылды. | | | |
| 17 | Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда коррупциялык тобокелдиктерди четтетүү | 1. Мамлекеттик сатып алуулар ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоо;<br>2. Талдоонун жыйынтыгы боюнча зарыл болгон учурда мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу органга ЧУАларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;<br>3. Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүгө баа берүү үчүн тышкы эксперттерди байкоочулар катары тартуу. | 1. Анализдин жыйынтыгы;<br>2. Зарыл болгон учурда мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу органга ЧУАларды өркүндөтүү боюнча сунуштар;<br>3. 5 млн сомдон жогору суммадагы мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө милдеттүү түрдө байкоочу катары тышкы эксперт тартылат. | 2024- жыл.<br><br>Дайыма | | Уюштуруу иштери жана мамлекеттик сатып алуулар сектору |
| 18 | Ички резервге сынак өткөрүүдө ачык-айкындуулукту | 1. Конкурстун этаптары тууралуу маалыматты министрликтин расмий | 1. Конкурстун этаптары тууралуу маалыматтын министрликтин сайтында болушу | Конкурс өткөрүлгөн үнө жараша | | Персонал менен иштөө боюнча бөлүм |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсоткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | камсыз кылуу | сайтына жайгаштыруу<br>2. Конкурстук комиссиянын курамына жарандык коомдун өкүлдөрүн киргизүү | 2. Конкурстук комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө буйрук | | | |
| 19 | Чет өлкөлөргө стажировкага, кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга жиберилген министрликтин кызматкерлерин тандоодо коррупциялык тобокелдиктерди жоюу | 1. Кызматкерлерди окутуу үчүн маалымат базасын түзүү жана жүргүзүү<br><br>2. Окутуунун планын иштеп чыгуу жана бекитүү | 1. Жаңыланган маалымат базасынын болушу<br>2. Бекитилген окутуу планынын болушу | Дайыма<br><br>2024-жылдын январ айы | | Персонал менен иштөө боюнча бөлүм |
| 20 | Кызматкерлерди сыйлоодо жана демилге берүүдө объективдүүлүктү камсыз кылуу | 1. Сыйлоо жөнүндө жобону кайрадан карап чыгуу<br>2. Комиссиянын курамын кайрадан карап чыгуу<br>3. Сыйлыктар боюнча маалымат базасын түзүү жана жүргүзүү | 1. Сыйлоо жөнүндө бекитилген жобонун болушу<br>2. Комиссиянын бекитилген курамынын болушу<br>3. Актуалдаштырылган маалымат базасынын болушу | Зарылдыгы на жараша.<br><br>Дайыма | | Персонал менен иштөө боюнча бөлүм |
| | | | **Максаты: мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу** | | | |
| 21 | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө | 1. Паракорчулукка каршы башкаруу системасы КМС ISO 37001:2019 эл аралык | 1. ISO 37001 стандартын киргизүүнү ишке ашыруу боюнча чечими<br>2. ISO 37001 стандарты боюнча | 2024-жылдын январь- | | КР ЭКМ караштуу аккредитациялоо |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 10, 24.01.2024

Кол койгон: Садыкова С.А., 24.01.2024

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | коррупциялык тобокелдиктерди жоюу:<br>– шайкештикти баалоо боюнча органдарды аккредитациялоо;<br>– шайкештикти баалоо боюнча органдын компетенциясын ырастоочу документти берүү. | стандартын киргизүү боюнча маселени иштеп чыгуу<br>КАБда коррупцияга каршы күрөшүү үчүн колдонуу боюнча талаптар жана көрсөтмөлөр.<br>2. Паракорчулукка каршы башкаруу системасы КМС ISO 37001:2019 эл аралык стандарты боюнча КАБдын кызматкерлерине окутууну өткөрүү үчүн консалтингдик компанияны тартуу маселесин иштеп чыгуу.<br>3. Жеринде баалоо процессин кошпогондо, аккредитациялоонун бардык этаптарында “электрондук аккредитациялоо” маалыматтык системасын (МС) оптималдаштырууну улантуу.<br>4. Келечек-планына ылайык КАБдын кызматкерлерин шайкештикти баалоо боюнча органдардын шайкештигин тастыктоо жаатында квалификациясын | окутулган КАБ кызматкерлеринин саны<br>3. Шайкештикти баалоо боюнча органдардын шайкештигин тастыктоо жаатында квалификациясын жогорулаткан КАБ кызматкерлеринин саны.<br>4. ISO 37001 стандарты КАБна киргизилди. | июнь айлары<br><br>Дайыма | | борбору МЭК КР |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсоткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жана тажрыйбасын жогорулатуу үчүн окутууну уюштуруу. | | | | |
| 22 | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө коррупциялык тобокелдиктерди жоюу:<br>- эл аралык талаптарга ылайык ченөө каражаттарын текшерүү, калибрлөө жана тибин бекитүү;<br>- продукцияны сертификациялоону жүргүзүү;<br>- лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү. | 1. Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө айкындуулукту камсыздоо.<br>2. Мамлекеттик органдар менен өндүрүш секторлорунун өз ара аракеттенүүсүнүн ачык-айкын автоматташтырылган механизмин түзүү<br>3. Кардардын талабы боюнча ченөө каражаттарын фото жана видеого тартууну жүргүзүү | 1. Бул мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жана тарифтердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн прейскуранты Кыргызстандарттын www.nism.gov.kg расмий сайтында жайгаштырылган.<br>2. Өлчөө каражаттарын (ӨК) калибрлөө үчүн арыздын электрондук форматы иштелип чыккан жана электрондук кезекти колдонуу шарттары да расмий веб-сайтка негизделген.<br>3. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр 5-44, 5-45, 4-91 «Түндүк» мамлекеттик порталынын «Бизнес» бөлүмүндө жайгаштырылган жана арыз берүү гана жагынан электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу көрсөтүлүшү мүмкүн.<br>4. Фото жана видеоматериалдар | Дайыма | | КР ЭКМ караштуу стандартташтыруу жана метрология борбору |
| **Максаты: координациялоо, контролдоо жана мониторинг функцияларында коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу** | | | | | | |
| 23 | Монополияга каршы текшерүүлөрдү жүргүзүүдө коррупциялык тобокелдиктерди | 1. Текшерүүлөрдү жүргүзүү жана монополияга каршы мыйзамдарды колдонуу боюнча ченемдик укуктук актыларды талдоо. | 1. Талдоонун жыйынтыгы<br>2. Демилгеленген ЧУАлардын долбоорлору<br>3. Кабыл алынган ЧУАлар<br>4. Мониторинг системасы ишке | 2024 -жыл<br><br>2024-2026 жылдар | | КР ЭКМге караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| № | Максаттар, милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Процесс/натыйжа көрсөткүчтөрү/индикаторлору | Мөөнөттөр | Аткаруу статусу (аткарбоонун/ жарым-жартылай аткаруунун себептери) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | азайтуу | 2. Зарыл болгон учурда мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү.<br>3. Монополияга каршы мыйзамдардын жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана жарнак жөнүндө мыйзамдардын алкагында бузууларды аныктоо үчүн мониторинг системасын ишке ашыруу. | киргизилди. | | | Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана бааларды түзүү башкармалыгы |
| 24 | Ишкердик субъекттеринин Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы рыногун жөнгө салуучу мыйзамдарынын талаптарынын сакталышын текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынуучу субъекттерге, анын | 1. Текшерүүлөрдү жүргүзүү жана банктык эмес финансы рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуу боюнча ЧУАларды талдоо.<br>2. Зарыл болгон учурда текшерүүлөр боюнча ЧУАларга өзгөртүүлөрдү киргизүү. | 1. Талдоонун жыйынтыгы<br>2. ЧУАлардын долбоорлору демилгеленди<br>3. ЧУАлар кабыл алынды | 2024 – 2026 жылдар | | КР ЭКМ караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

